КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
НООКЕН РАЙОНУ
ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №1 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Курулуш айылы

**Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, IV Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин жыйналышынын 2025-жылдын 25-сентябрындагы №1 протоколу, Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө жобого ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги **XI** сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн калкынын саны 36 561 адамды түзгөндүгүнө байланыштуу айыл өкмөттүн жергиликтүү курултайынын делегаттарынын жалпы саны 150 (бир жүз элүү) адам ченеминде бекитилсин.

2.Жергиликтүү курултайга делегаттарды шайлоо ченеми №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир айылда жыйындарды өткөрүү, уюштуруу боюнча №2 тиркемеге ылайык иш-чара бекитилсин.

4.Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

5.Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындар жана чогулуштар өткөрүүгө көмөк көрсөтүү жогорудагы бекитилген графикке ылайык айылдык кеңештин депутаттарына жүктөлсүн.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **М.Ажикулов**

№1 тиркеме

БЕКИТИЛДИ

Эргеш Алиев айылдык кеңешинин
I чакырылышынын кезектеги
XI сессиясынын № 1 токтому менен

**Жергиликтүү курултайга делегаттарды шайлоо жөнүндө ченеми**

| № | Айылдын аталышы | Калктын саны | Бөлүнгөн квота |
|---|---|---|---|
| **1** | Сакалды айылынан | **4648** | 19 (он тогуз) адам |
| **2** | Комитерн айылынан | **4640** | 19 (он тогуз) адам |
| **3** | Чон-Багыш айылынан | **3624** | 17 (он жети адам |
| **4** | Курулуш айылынан | **3843** | 17 (он жети )адам |
| **5** | Шалка айылынан | **3826** | 16 (он алты) адам |
| **6** | Кыргызстан айылынан | **3190** | 15 (он беш ) адам |
| **7** | Аримжан айылынан | **2276** | 9 (тогуз) адам |
| **8** | Киров айылынан | **2070** | 8 (сегиз) адам |
| **9** | Кара-Булак айылынан | **1738** | 7 ( жети) адам |
| **10** | Кагазды айылынан | **1365** | 5 (беш ) адам |
| **11** | Чек айылынан | **1200** | 5 (беш ) адам |
| **12** | Кызыл-Жылдыз айылынан | **853** | 4 (төрт) адам |
| **13** | Бөбүй айылынан | **970** | 4 (төрт) адам |
| **14** | Сай-Бою айылынан | **1310** | 3 (үч) адам |
| **15** | Параканда айылынан | **557** | 2 (эки ) адам |

Жооптуу катчы Орозбек кызы Акылай

№2 тиркеме

БЕКИТИЛДИ

Эргеш Алиев айылдык кеңешинин
I чакырылышынын кезектеги
XI сессиясынын № 1 токтому менен

**Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир айылда жыйындарды өткөрүү, уюштуруу боюнча иш-чара**

| № | Айылдын аталышы | Өткөрүү орду, күнү, убактысы | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Аримжан айылы, Кагазды айылы | 17.10.2025-ж<br>Саат 10:00<br>Аримжан маданият үйүндө | А.Нишанбаев,<br>Т.Керимбердиев,<br>Н.Сыдыков, |
| 2 | Сакалды айылы | 17.10.2025-ж<br>Саат 14:00<br>Аримжан маданият үйүндө | К.Мурашева,<br>Ч.Матсаков,<br>Ү.Шерматов<br>Н.Сыдыков |
| 3 | Кыргызстан айылы,<br>Чек айылы,<br>Сай-Бою айылы | 20.10.2025-ж<br>Саат 10:00<br>Кыргызстан Маданият үйү | Э.Маматова,<br>Ш.Камбаров,<br>Д.Мурашев,<br>Ж.Абишов,<br>К.Зупаров, |
| 4 | Чон-Багыш айылы,<br>Бөбүй айылы | 20.10.2025-ж<br>Саат 14:00<br>№12 К.Султанов мектебинин имараты | С.Кадырова,<br>Д.Юсупов,<br>А.Осмонов<br>К.Зупаров |
| 5 | Курулуш айылы,<br>Шалка айылы,<br>Кызыл-Жылдыз айылы | 21.10.2025-ж<br>Саат 11:00<br>Курулуш маданият үйү | Н.Абдрахманов,<br>Л.Апсабырова,<br>К.Абдурасулов<br>Ж.Инаятов |
| 6 | Комитерн айылы, | 21.10.2025-ж<br>Саат 09:00<br>№8 Төрөгелдиев атындагы мектептин имаратында | У.Зиябаев,<br>А.Тажибаева,<br>Т.Таирбекович<br>А.Исраилов |
| 7 | Баракелде айылы,<br>Киров | 22.10.2025-ж<br>Саат 10:00<br>№22 Б.Абдрахманов атындагы орто мепктебинин имараты | Ы.Алимбеков,<br>С.Анарбаев,<br>А.Исраилов |
| 8 | Кара-Булак айылы | 22.102025-ж<br>Саат 14:00<br>№37 Токтоболот атындагы орто мектебинин имараты | У.Кудайбердиев,<br>Н.Артыкова,<br>О.Джолдошов |

Жооптуу катчы Орозбек кызы Акылай

№3 тиркеме

БЕКИТИЛДИ

Эргеш Алиев айылдык кеңешинин
I чакырылышынын кезектеги
XI сессиясынын № 1 токтому менен

**Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

**М.Ажикулов** -Эргеш Алиев айылдык кеңешинин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы;
**А.Орозбек кызы** - айылдык кеңештин жооптуу катчы, жумушчу топтун катчысы.

**Мүчөлөрү:**

**А.Нишанбаев** - айылдык кеңештин депутаты;
**К.Мурашева** - айылдык кеңештин депутаты;
**Э.Маматова** - айылдык кеңештин депутаты;
**Т.Керимбердиев** – айылдык кеңештин депутаты;
**С.Кадырова** - айылдык кеңештин депутаты;
**Н.Абдрахманов** - айылдык кеңештин депутаты;
**Ы.Алимбеков** - айылдык кеңештин депутаты
**У.Кудайбердиев** - айылдык кеңештин депутаты;
**У.Зиябаев** - айылдык кеңештин депутаты;
**К.Зупаров** - Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн айыл башчысы;
**А.Исраилов** - Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн айыл башчысы;
**Ж.Инаятов** - Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн айыл башчысы;
**Н.Сыдыков** - Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн айыл башчысы;
**М.Маразаев** – КРнын аксакалдар кеңешинин мүчөсү.

**Жооптуу катчы** **Орозбек кызы Акылай**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

## Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №2 токтому

10-октябрь 2025-жыл Курулуш айылы

### Мекемени каттоо жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесине, 2021-жылдын 27-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине, 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жана айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл өкмөтүндөгү жаңы мектепке чейинки билим берүү уюмун ачуу жөнүндө айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловдун маалыматы эске алынсын.

2.№61 "Жомок багы " мектепке чейинки билим берүү уюмунун-мекемесинин Уставы бекитилсин.

3.Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: №61 «Жомок багы» мектепке чейинки билим берүү уюму - мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение дошкольная образовательная организация №61 "Жомок багы " .

Кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: №61 «Жомок багы» МЧББУ М-и.
- Расмий тилде: У-е ДОО №61"Жомок багы ".

4.№61 «Жомок багы » мектепке чейинки билим берүү уюмунун-мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Ноокен району,Эргеш Алиев айыл аймагы, Рахманжан

айылы, С.Анарбаев көчөсү №7 болуп аныкталсын.

5.Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

6.Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталсын.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Ажикулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА** |

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №3 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Курулуш айылы

**Мекемени каттоо жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесине, 2021-жылдын 27-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине, 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жана айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл өкмөтүндөгү жаңы мектепке чейинки билим берүү уюмун ачуу жөнүндө айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловдун маалыматы эске алынсын.

2.№62 "Күн щоола" мектепке чейинки билим берүү уюмунун-мекемесинин Уставы бекитилсин.

3.Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: №62 «Күн шоола» мектепке чейинки билим берүү уюму - мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение дошкольная образовательная организация №62 "Күн шоола " .

Кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: №62 «Күн шоола» МЧББУ М-и.
- Расмий тилде: У-е ДОО №62 "Күн шоола ".

4.№62 «Күн шоола » мектепке чейинки билим берүү уюмунун-мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Ноокен району,Эргеш Алиев айыл аймагы, Кызыл-Жылдыз айылы, З.Шамбетов көчөсү болуп аныкталсын.

5.Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

6.Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталсын.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Ажикулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**НООКЕН РАЙОНУ**<br>**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА** |

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №4 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Курулуш айылы

**Кормоцех жана Чиртек-Сай калктуу пунктуна “Айыл” макамын берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы №67 “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамына жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл өкмөтүндөгү Кормоцех жана Чиртек-Сай калктуу пунктуна “Айыл” макамын берүү жөнүндө жашоочуларынын жалпы элдик жыйналышынын протоколу бекитилсин.

2.Кормоцех жана Чиртек-Сай калктуу пунктунун схемалык картасын, чек араларынын баяндамасын, калктуу конуштун аннотациясын, экономикалык эсептөөлөрүн даярдоо Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн башчысы Ш.Алыкуловго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **М.Ажикулова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №5 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Курулуш айылы

**Жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик Кодекснин” 115-беренесине жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-39-беренелерине ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1. “Бюджеттик уюмдардын жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясынын жана жаратылыш газынын лимиттерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2025-жылдын 10-январындагы жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2025-жылдын 10-январындагы №2-п биргелешкен буйругу менен бекитилген лимиттердин негизинде Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн аймагындагы бюджеттик мекеме уюмдарга лимиттин жетишсиздиги келип чыккандыгына байланышту айыл өкмөттүн 2025-жыл үчүн бекитилген жергиликтүү бюджетине төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин;

- айыл өкмөттүн жергиликтүү бюджетинин 405 217 (төрт жүз беш миң эки жүз он жети ) сом акча каражаты айыл өкмөттүн 22311200 беренесине которулсун.

2. Айыл өкмөттүн жергиликтүү бюджетинин кирешелеринин түшүүсүнө карата өзгөртүүлөрдү киргизүү айыл өкмөттүн башчысы Ш.Алыкуловго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет жана экономиканы өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комитетинин курамына милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Ажикулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

## Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №6 токтому

10-октябрь 2025-жыл  Курулуш айылы

### Эргеш Алиев айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча эрежелерин бекитүү жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 16-ноябрындагы №305 Жарлыгынын 5п жана айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча эрежелерин бекитүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы Ш.Алыкуловдун маалыматы эске алынсын.

2.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 16-ноябрындагы №305 Жарлыгынын 5п ылайык Эргеш Алиев айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча эрежелеринин жобосу №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага**  **М.Ажикулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №7 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Курулуш айылы

**Коммуналдык калдыктар менен иштөөнүн башкаруу эрежелеринин жобосун бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 49-беренесине жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Коммуналдык калдыктар менен иштөөнүн башкаруу эрежелеринин жобосун бекитүү жөнүндө айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловдун маалыматы эске алынсын.

2. Коммуналдык калдыктар менен иштөөнүн типтүү эрежелеринин жобосе бекитилсин.

3. Эргеш Алиев айыл аймагынын коммуналдык калдыктар менен иштөөнүн типтүү эрежелеринин баалоо жана мониторинг биргелешкен тобу бекитилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Ажикулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №8 токтому**

10-октябрь 2025-жыл  Курулуш айылы

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 18-ноябрындагы №693 токтомун аткарууга алуу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 18-ноябрындагы №693 токтомуна жана айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 18-ноябрындагы №693 токтому боюнча айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловдун маалыматы эске алынсын.

2.Токтомду аткаруу максатында ваучердик режим менен Сакалды айылынын тургуну 18.09.2023-жылы туулган Тойчуева Арууждандын жана Коминтерн айылынын тургуну 30.01.2022-жылы туулган Ташмагамедов Амирдин жеке бала бакчасынын бир айлык үчтөн бир бөлүгү 2000 (эки миң) сом акча каражатын ай сайын жергиликтүү бюджеттинин эсебинен төлөп берүү жагы айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага**  **М.Ажикулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

## Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №9 токтому

10-октябрь 2025-жыл — Курулуш айылы

### Ноокен айылдык кеңешинин 2022-жылдын 29-мартындагы №2 “Ноокен айыл өкмөтүнүн 199 контурунан 0,80га, 198 контурдан 1,20 га жерлерге кыш заводун курууга уруксат берүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 18-июлундагы № 150 “Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” мыйзамынын жана айылдык кеңештин жер маселелер боюнча туруктуу комитетинин талаптарына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Ноокен айылдык кеңешинин 2022-жылдын 29-мартындагы №2 “Ноокен айыл өкмөтүнүн 199 контурунан 0,80га, 198 контурдан 1,20 га жерлерге кыш заводун курууга уруксат берүү жөнүндө” токтомунун 1 п төмөндөгүдөй өзгөртүлөрдү жана толуктоолорду киргизилсин:

- Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн 199 контурунан 0,80га жерге кыш заводун курууга уруксат берилсин жана 198 контурдан 1,20 га жерге кыш заводун курууга уруксат берүү жөнүндө жокко чыгарѕлсын.

2.Бул токтомду Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусундагы Юстиция башкармалыгынын каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы А.Орозбек кызына жүктөсүн.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү жер маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүтөлсүн.

**Төрага** **М.Ажикулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА |
| --- | --- |

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №10 токтому**

10-октябрь 2025-жыл                                   Курулуш айылы

**Кочкор-Ата шаардык мэриясынын жана Эргеш Алиев айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда муниципалитеттер аралык кызматташуу боюнча макулдашуу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл аймагында таштандыларды чыгаруу жөнүндө айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловдун маалыматы эске алынсын.

2. Кочкор-Ата шаардык мэриясынын жана Эргеш Алиев айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда муниципалитеттер аралык кызматташуу боюнча макулдашуу жөнүндө келишимге уруксат берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага**                                   **М.Ажикулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА |
|---|---|

**Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясынын №11 токтому**

10-октябрь 2025-жыл Курулуш айылы

**Көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, “ Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамынын 7-беренесинин, КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө Жобонун 10-пунктунун 4-абзацына ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XI сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн Кара-Булак айылындагы Беш-Мойнок участкасындагы аты жок жаңы конушунун көчөгө ат коюу боюнча жашоочуларынын протоколу бекитилсин.

2. Кара-Булак айылындагы Беш-Мойнок участкасындагы аты жок жаңы конушундагы биринчи көчөдөгү №1,2,3,4,5,6,7,8,9,10,11,12, 13,14,15,16,17,18,19,20 жана экинчи көчөдөгү №1, 2,3,4,5,6,7,8,9,10,11,12, 13,14 номерлери ыйгарылган көчөгө маркум Эгембердиев Ахунбайдын ысымы ыйгарылсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.Ажикулов**